УДК: 81' 372

**Абдыкеримова А. Э.**
филология илимдеринин доктору
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЭЛЕСТҮҮ ЭТИШТЕРДИ ИЗИЛДЕП ҮЙРӨНҮҮГӨ БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

**Абдыкеримова А. Э.**
доктор филологических наук
*ИГУ им. К. Тыныстанова*

## НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ, СВЯЗАННЫЕ С ИЗУЧЕНИЕМ ОБРАЗНЫХ ГЛАГОЛОВ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Abdykerimova A. E.**
Doctor of Philology
*IKSU named after K. Tynystanov*

## SOME PROBLEMS RELATED TO THE STUDY OF FIGURATIVE VERBS IN THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация**. Макалада кыргыз тилиндеги элестүү этиштерди изилдеп үйрөнүүгө байланышкан айрым маселелер каралды. Кыргыз тил илиминде элестүү этиштер, негизинен, морфологиялык өңүттө гана каралып, ал эми лексика-семантикалык, стилистикалык, функциялык ж. б. спецификасы, өзгөчөлүктөрү изилдөө предмети боло электиги көрсөтүлдү. Буга байланыштуу, элестүү этиштердин аталган аспектилерине тиешелүү айрым маселелер белгиленди.

**Негизги сөздөр**: кыргыз тили, этиштер, элестүү этиштер, морфологиялык аспект, уңгу, лексика-семантикалык, стилистикалык, специфика, тыбыштык форма.

**Аннотация**. В статье рассмотрены некоторые вопросы, связанные с изучением образных глаголов в кыргызском языке. В кыргызском языкознании образные глаголы рассматривались, в основном, морфологическом аспекте, а их лексико-семантические, стилистические, функциональные и др. особенности, специфика до сих пор не стала предметом изучения. В связи с этим, в статье обозначены некоторые вопросы, касающиеся указанных аспектов образных глаголов.

**Ключевые слова**: кыргызский язык, глаголы, образные глаголы, морфологический аспект, корень, лексико-семантический, стилистический, специфика, звуковая форма.

**Abstract.** The article discusses some issues related to the study of figurative verbs in the kyrgyz language. In kyrgyz linguistics, figurative verbs were considered mainly in morphological aspect, and their lexico-semantic, stylistic, functional, etc. The specifics have not yet been the subject of study. In this regard, the article identifies some issues related to these aspects of figurative verbs.

**Keywords**: kyrgyz language, verbs, figurative verbs, morphological aspect, root, lexico-semantic, stylistic, specificity, sound form.

Кыргыз тилинин сөздүк курамында этиш сөздөрдүн сандык үлүшү өтө жогору экени белгилүү. Этиш сөздөр, негизинен, объективдүү чындыктагы ар түрдүү кыймыл, аракет, ал-абал тууралуу түшүнүктү, кандайдыр бир процессти, башкача айтканда, кубулуштун же көрүнүштүн жүрүшүн билдирери этиштин жалпы аныктамасы катары каралып жүрөт. Бул категориядагы сөздөр, жалпысынан, заттын кыймылын, аракетин, ал-абалын билдиргени менен, ошол кыймыл-аракеттин мүнөзү, ички кошумча маанилери бир кылка эмес, ар түрдүү болот. Буга байланыштуу, кыргыз тилиндеги этиш сөздөрдү төмөнкүдөй лексика-семантикалык топторго классификациялоого болору «Азыркы кыргыз адабий тилинде» көрсөтүлгөн:

1) кандайдыр бир нерсени куруу, жасоо, жаратуу, түзүү маанисин туюндурган этиштер: *кур, түз, тургуз, орнот, жаса, току, өстүр* ж.б.;

2) бузуу, бүлүнтүү, жок кылуу маанисиндеги этиштер: *талкала, буз, сындыр, кес, кыр, жул, бөл* ж.б.;

3) кыймылды билдирүүчү этиштер: *жүр, бас, чурка, сүз, сойло* ж. б.;

4) нерсенин сапатынын, белгисинин өзгөрүшүн билдирүүчү этиштер: *агарт, кооздо, тазала, боё, жумшар, семир* ж.б.;

5) абалдын өзгөрүшүн билдирүүчү этиштер: *укта, ойгон, оору, үшү, отур* ж. б. (булар абал этиштери деп да аталып жүрөт – А. А.);

6) жеп-ичүүгө байланыштуу этиштер: *же, ич, мүлжү, жут* ж.б.;

7) сүйлөө процессине байланыштуу этиштер: *айт, сура, сүйлө, макта, кабарла, ырда, шыбыра* ж.б.;

8) угуу, көрүү, байкоо сезимине байланыштуу этиштер: *кара, байка, ук, эшит, тыңша* ж. б.;

9) ойлоого байланыштуу этиштер: *ойло, түшүн, бил, унут, эсте*;

10) психикалык ички сезимге байланыштуу этиштер: *корк, сүйүн, каардан, күл, капалан, ачуулан, уял, таарын* ж.б. [1, 377-б.].

Биздин пикирибизде, этиштердин жогорудагы лексика-семантикалык классификациясында кыргыз тилиндеги этиштердин бир чоң тобу камтылбай калган. Ал – *багжай, соксой, бөкчөй, былтый, бакылда, жаркылда, далдаңда, бултуңда, шакылда, зоңкулда* ж. б. сыяктуу этиштерден турган элестүү этиштер тобу. Ырас, туюнткан жалпы лексика-семантикалык мааниси жагынан, элестүү этиштер жогорку классификациянын айрым топторуна кирери талашсыз. Бирок элестүү этиштер туюндурган кыймыл-аракеттин же ал-абалдын мүнөзү, ички кошумча маанилери, семантикалык боёкчолору, алардын натыйжасында стилистикалык функциясы спецификалуу болгондуктан, элестүү этиштерди жогорку классификацияда өзүнчө топ катары кароо алгылыктуу болмок деген пикирдебиз.

Кыргыз тилиндеги этиштердин ичинде өзүнчө чоң топту түзүп, семантикалык жактан, колдонулуу чөйрөсү жана аткарган кызматы жактан, стилистикалык мүнөзү жактан, ошондой эле белгилүү даражада формалык жактан спецификага ээ болгону менен, элестүү этиштер лингвистикалык аспектиде ар тараптуу, системалуу изилдеп-талдоого алына элек. Ырас, кыргыз адабий тилинин нормативдик грамматикаларында, морфология боюнча, асыресе, этиштер боюнча эмгектерде бул категорияга кирген этиштер тууралуу учкай гана кеп болуп келүүдө. Мисалы, академиялык мүнөздөгү «Азыркы кыргыз адабий тилинде» элестүү этиштер тууралуу этиштин морфологиялык жол менен жасалышы деген параграфта гана учкай эскерилип кеткен: «Туунду этиштер тууранды сөздөрдөн жасалат. Андай этиштер ошол тууранды сөздөр билдирген табышты, элести тууроо маанисин берет: шалдыра, шылдырла, тарбаңда, далдаңда, тырбаңда, багжаңда, бөйпөңдө, колтоңдо ж. б. Бир катар тууранды сөздөр белгилүү бир мүчөнүн жардамы менен туунду зат атоочко өтөт да, андан соң -ла мүчөсү уланып, туунду этиш жасалат: тарсыл-да, күрсүл-дө, бажыл-да, жалтыл-да, жалпыл-да ж. б.» [1, 381-382-бб.].

Авторлору С. Давлетов жана С. Кудайбергенов болгон «Азыркы кыргыз тили: Морфология» аттуу окуу китебинде деле ушул алкактагы эле маалыматтар берилген. Тактап айтканда, элестүү этиштер заттардын сырткы көрүнүшү же алардын кыймыл-аракеттерине байланыштуу элестерди билдирген элестүү сөздөр менен байланышта каралган. Образдуу татаал көрүнүштү (кыймыл-аракет же ал-абалды – А. А.) билдирген элестүү этиштер туунду формада болуп, азыркы мезгилде өз алдынчалыгын жоготкон өлүү уңгулардан, атооч же этиштик тирүү уңгулардан же табыш жана элес тууранды сөздөрдөн жасалгандыгы белгиленген [2, 207-208-бб.].

Аталган эмгектерге караганда, элестүү этиштер боюнча салыштырмалуу кенениреэк изилдөө-талдоо тилчи-окумуштуу С. Кудайбергеновдун «Кыргыз тилиндеги элестүү этиштер» аттуу эмгегинде орун алган. Автор кыргыз тили элестүү сөздөргө жана андан жасалган элестүү этиштерге өтө эле бай экендиги; бул типтеги сөздөр боюнча коңшулаш жашаган өзбек, уйгур, түркмөн жана кара калпак тилдери кыргыз тилине теңдеше албастыгы; элестүү сөздөр жана алардын туунду формалары боюнча канатташ жашаган бир тууган элдердин ичинен кыргыз тили менен, мүмкүн, казак тили гана катарлаша алары; ошондой эле лексикалык катмардын мындай тиби сибирь түрк тилдеринде, мисалы, якут тилинен учурары, ал эми айрым түрк тилдеринде, мисалы, түрк (Түркия түркчөсү деп түшүнүү керек – А. А.) азербайжан, татар, башкыр тилдеринде жокко эсе экендиги; монгол тилинде да элестүү этиштер кезигери тууралуу көз караштарын айткан. Мындай бүтүмдөргө келүүгө айрым фактыларды салыштырып кароо жана аталып өткөн тилдер боюнча жарыкка чыккан

улуттук-орусча сөздүктөрдөгү материалдар негиз болгону көрсөтүлгөн. Ошондой эле автор элестүү этиштер түрк тилдеринин айрым белгилүү гана бөлүгүнө таралышы алардын өзүнчө бир ареал түзүшүнө алып келери тууралуу пикир айтып, ал тилдердин өкүлдөрүнүн байыркы тарыхы жана экономикалык шарттары сыяктуу факторлор менен байланышта экенин божомолдогон [3, 12-13-бб.]. Бул изилдөөчү да элестүү этиштер туунду формада болорун, алардын көпчүлүгү азыркы кезде морфологиялык жактан составдык бөлүктөргө ажырабастыгын, уңгу деп болжолдонгон бөлүгү өз алдынчалыгын жоготуп, өлүү уңгуга айланганын, мына ушул лексика-грамматикалык кубулуш көпчүлүк элестүү этиштерге мүнөздүү экенин белгилеген [3, 16-б.]

Белгилей кетүүчү жагдай: бул эмгек элестүү этиштердин морфологиялык табиятына, тактап айтканда, алардын морфологилык структурасына, уңгулук бөлүгүнүн семантикасы жана азын-оолак этимологиясына, морфологиялык жол менен жасалышына, айрым элестүү этиштердин туюндурган маанилерине орус тилинде түшүндүрмө берүүгө гана арналган. Ал эми бул категориядагы этиштердин лексика-семантикалык, формалык, стилистикалык, функционалдык ж. б. спецификасы, өзгөчөлүктөрү тууралуу кеп болгон эмес. Демек, жогорудагы эмгектерден улам, кыргыз тилиндеги этиштердин өзүнчө бир чоң бөлүгүн түзгөн элестүү этиштер улуттук тил илимибизде морфологиялык аспектиде гана каралган деп айтууга болот. Ал эми мындай этиштердин, жогоруда белгиленгендей, лексика-семантикалык, формалык, стилистикалык, функционалдык ж. б. спецификасына байланыштуу маселелер изилдөө, талдоого алына элек. Бул жаат- тарда изилдөөгө предмет боло турган бир катар маселелерди көрсөтүүгө болот. Маселен, аларды лексика-семантикалык жактан туюндурган маанилеринин негизинде тематикалык топчолорго классификациялоого негиз бар. Физикалык касиет, форма ж.б.у.с. элестик түшүнүк семантикасы менен байланышкан кыймыл-аракет же ал-абалды билдирген элестүү этиштер жана табыштык образды туюндурган кыймыл-аракет же ал-абалды билдирген элестүү этиштер топторуна ажыратууга болот деген пикирдебиз. Мисалы, *аңкай, ырсай, кемшей, дүмүрөй, далпылда, дүкүлдө, дөмпөй, жалжай, соксой, тикирей, тойтой, бултуңда, балтаңда, чулчуй, чолтоңдо* ж. б. толуп жаткан элестүү этиштер физикалык касиет, форма ж.б.у.с. элестик түшүнүк семантикасы менен байланышкан кыймыл-аракет же ал-абалды туюндурат. Ал эми табыш (үн) менен байланышкан образды туюндурган кыймыл-аракет же ал-абалды билдирген элестүү этиштерге *чулкулда, шырпылда, күрпүлдө, какылда, кыңкылда, чалкылда, шорулда, кырылда, арылда, ызылда* ж.б. киргизүүгө болот. Арийне, бул топторду да элестүү этиштердин конкреттүү семантикасына жараша андан ары майда топчолорго классификациялоого негиз бар. Мисалы, физикалык касиетке байланышкан элестик түшүнүк семантикасына ээ кыймыл-аракет же ал-абалды билдирген элестүү этиштер, физикалык форма элестик түшүнүк семантикасына ээ кыймыл-аракет же ал-абалды билдирген элестүү этиштер ж. б.

Бул категориядагы этиштерди лингвистикалык изилдөөнүн алкагына киргизүүгө боло турган кийинки маселе – алардын стилистикалык табияты, колдонулуш чөйрөсү. Кептик практикадан байкалгандай, элестүү этиштер, негизинен, оозеки сүйлөшүү стилинде жана көркөм стилдин үлгүлөрүндө колдонулат. Туюндурган кыймыл-аракеттик маанисинин образдуулугуна, элестүүлүгүнө, экспрессивдүүлүгүнө байланыштуу, бул категориядагы тилдик каражаттар иштиктүү расмий стилде, илимий стилде дээрлик кездешпейт. Көркөм стиль менен чектеш абалда турган публицистикалык стилде да колдонулушу чектелген жана шартталган мүнөздө. Көркөм стилдин үлгүлөрүндө элестүү этиштер каармандын образын, кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү, кубулушту сүрөттөө-сыпаттоо, көркөмдөп, элестүү, таасирдүү, образдуу кылуу, экспрессивдүүлүк, айрым контексттерде салыштырмалуу туюндуруу максатында колдонулат. Оозеки сүйлөшүү стилинде арбын колдонулушу деле аталган максатка багытталып, кепти жандуу кылууга шарт түзөт. Демек, элестүү этиштердин экспрессивдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү зор болгону менен, стилистикалык жактан алганда, функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө эле колдонула бербейт.

Элестүү этиштерди изилдөөгө алууда көңүл бурууну талап кылган маселелердин дагы бири – алардын формалык же тыбыштык түзүлүшүнө байланыштуу маселе. Кыргыз тилиндеги элестүү этиштерди талдап көрүүдөн байкалгандай, аларда формалык же тыбыштык түзүлүшү жагынан окшоштук, жакындык арбын орун алат. Тактап айтканда, тыбыштык формасы бир

эле тыбыш менен айырмаланган, андай айырмачылык семантикалык чоң айырмачылыкты жараткан элестүү этиштер же алардын катарлары арбын учурайт. Мисалы: *1) бакылда, дакылда, закылда, какылда, лакылда, такылда, чакылда, шакылда; 2) бакылда, бадылда, бажылда, батылда; 3) балжай, балкай, балпай, балтай, балчай; 4) балтай, болтой, бөлтөй, бултуй, былтый* ж. б. Көрүнүп тургандай, 1-катардагы элестүү этиштер тыбыштык формасы жагынан сөз башындагы биринчи үнсүз менен гана айырмаланат. 2- жана 3-катардагы элестүү этиштер сөз ортосундагы бир үнсүз менен, ал эми 4-катардагы элестүү этиштер курамындагы үндүүлөр менен айырмаланышат. Бирок бир гана тыбыштан айырмалануу алардын туюндурган маанилериндеги айырмачылыктарды жараткан. Тилдеги мындай кубулуш, тактап айтканда, сөздөрдүн тыбыштык же формалык жакындыгы, окшошуп кетүүсү паронимия кубулуш катары каралып жүрөт. Паронимия кубулушу боюнча тилчи-изилдөөчүлөрдүн арасында бирдей пикир жоктугун айта кетүү зарыл. Айрым изилдөөчүлөр тыбыштык жактан аз гана айырмаланган сөздөрдүн бардыгын паронимдер катары карашса, айрымдар бир уңгуга ээ, тыбыштык формасы жагынан анча чоң айырмачылыктарга ээ болбогон сөздөрдү паронимдер деп, ал эми ар башка уңгудан турган, тыбыштык жактан окшош же жакын болгон сөздөрдү парономаздар деп карап жүрүшөт [4]. Арийне, бул жерде паронимия жана парономазия түшүнүктөрүн аныктоо, тактоо макалабыздын милдетине кирбейт, ага кайрылбайбыз. Бирок кыргыз тил илиминде дал ушул маселе, атап айтканда, паронимия жана парономазия маселеси колго алына электигин, бул кубулуштар боюнча атайын изилдөөлөр жоктугун белгилей кетүү жөндүү. Ал эми биз сөз кылып жаткан элестүү этиштерде паронимия кубулушу арбын орун алары да элестүү этиштерди системалуу иликтөө-талдоого алууну шарттаган маселелердин бири болуп саналат деп эсептейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги этиштердин спецификалуу чоң тобун түзгөн элестүү этиштер улуттук тил илиминде, негизинен, морфологиялык аспектидеги изилдөө-талдоолорго гана алынып, ал эми лексика-семантикалык, формалык, стилистикалык, функционалдык ж. б. спецификасы, өзгөчөлүктөрү жагынан сөзгө алына электиги аларга системалуу мүнөздөгү лингвистикалык изилдөө жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт. Мындай изилдөөлөрдө жогоруда көрсөтүлүп кеткен маселелер сөзсүз эске алынышы керек, анткени алар жана алардан келип чыккан башка маселелер элестүү этиштердин лингвистикалык табиятын толук ачып берүүгө өбөлгө түзөт деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**

1. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Тексттаануу, Лингвопоэтика. - Бишкек: Аврасия Йайынжылык, 2009. - 928 б.
2. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология. - Фрунзе: Мектеп, 1980. -236 б.
3. Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги элестүү этиштер. - Фрунзе: Илим, 1981. - 80 б.
4. Теренин А. А. Парономазия, игра слов, каламбур: взгляд на проблему // Современные проблемы науки и образования. -2015. - №1-1. URL: https://science-edication.ru/ ru/article/ view?id=19233.